**Ак-Тилек жалпы билим берүү орто мектебинин 2017- жылдан тартып 2022-жылга чейинки тарбиялык иштеринин анализи .**

Ар бир окуу жылынын башында 1-сентябрь Билим күнүнө жана Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнө карата ачык класстык сааттар өтүлүп, салтанаттуу линейка өткөрүлүп турат. Жол кырсыктарын алдын алуу жана турмуш тиричилик коопсуздугун алдын алуу боюнча “Жаш инспекторлор”, “Жаш өрт өчүрүүчүлөр” командасы түзүлүп окуучулар арасында иш алынып барылат. 2018-2019- жылы жол кыймылынын жаш инспекторлор кароо сынагында “Келечектеги айдоочу” номинациясында 8-классынын окуучусу Жамансариев Калыс эң мыкты катышкандыгы ардак грамота менен сыйланган.

Кыргыз Мамлекетинин баалуулуктарын сактоо максатында комуз жана 23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата ар кандай иш чаралар, класстык сааттар өтүлөт. 2020-2021- окуу жылында райондук көркөм окуу сынагынан 2-класстын окуучусу Шарапидинова Жамиля 1-орун, 3-класстын окуучусу Курманбеков Нияз 2-орун, 5-класстын окуучусу Эдилбекова Арууке 3-орунга ээ болуп,диплом менен сыйланышкан.

2019-жылы “Аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү” жылынын алкагында өткөрүлгөн “Куттуу болсун апалардын майрамы” аттуу райондук көркөм окуу сынагына 8-классынын окуучусу Сагынбаев Бекжан активдүү катышып, ардак грамота менен сыйланган.

2020-жылы “Аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо” жылынын алкагында өткөрүлгөн “Күз берекеси” жана 2021-жылы “Менин айылым” аттуу райондук кароо сынактарга мектептин окуучулары активдүү катышып, сыйлоо баракчалары менен сыйланышты.

Балдардын өз алдынча башкаруу иштери боюнча өспүрүм жаштар: “Манас”, “Семетей”, “Сейтек” уюму уюштурулуп, ай сайын парламенттин жыйыны өтүлүп, комитеттердин жасаган иштери боюнча маалымат берилип турат. Мектепте ар бир жума сайын кезмет уюштурулуп , жуманын жыйынтыгы чыгарылат.

Сабакты себепсиз көп калтырган окуучулардын мектепке келүүсү боюнча иликтөө иштери жүргүзүлөт. Зордук зомбулук, кылмыштуулук, рекет жана суицидди алдын алуу боюнча ИДН менен жолугушуп, жыйналыштар өткөрүлдү. “Зордук зомбулук көрсөтүү жана күч колдонууну жоюу” боюнча мектеп ичинде штаб түзүлүп, ишеним почтасы жана телефону уюштурулган.

Октябрь айында "Боорукердик - алтын ачкыч" аттуу мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жана карылар күнүнө карата "Карысы бардын ырысы бар" деген темада иш чаралар өткөрүлүп турат.

2018-2019-жылы ноябрь айында 9,10,11-класстын окуучулары "Спид кылым чумасы" аттуу райондук кароо сынакка катышып, 2-орунга ээ болгон.

"Сергек жашоо", "Жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулар" "COVID" боюнча класстык сааттар өтүлүп, дубал газеталар уюштурулуп, алгоритмдин негизинде иштер жүргүзүлүп турат.

Туулган жерин, Ата Мекенди сүйүү, улуттардын ынтымагын бекемдөөгө багыттоо максатында 2021-2022-окуу жылында 10-классынын окуучусу Шамиева Бактыгүл "Аскердик атуулдук" аттуу райондук кароо сынагына катышып 3-орунга ээ болгон.

Окуучуларды коллективизмге тарбиялоо, жеке ишти жамааттык иш менен айкалыштыруу, эмгекке тарбиялоо максатында "Таза аймак" урааны алдында мектеп ичинде жана сыртында ишембилик уюштурулуп турат.

Мектеп ичинде ар жыл сайын өтүлүүчү иш-чаралар: улуттар эл аралык күнүнө карата "Эне тилим, эне сүтүм", Ата мекенди коргоо күнү, КР мамлекеттик туу, ак калпак, эл аралык аялдар күнү, нооруз майрамы, 23-апрель китеп күнү, 9-май жеңиш күнө карата иш чаралар, класстык сааттар өтүлүп турат.

2021-2022- жылы канаттууларга камкордук аттуу кароо сынакка активдүү катышкандыгы үчүн 6-класстын окуучусу Алмазбеков Ариет мактоо баракчасы менен сыйланган.

Окуучулардын дүйнөгө илимий көз карашын ,туура ынанымын калыптардырууда диний экстремизмдин жайылуусун алдын алуу боюнча класстык сааттар, диспут, тегерек стол өткөрүлүп, дубал газеталар чыгарылат.

Эл аралык балдарды коргоо күнүнө карата "Бала жылмайса аалам жылмаят" деген темада иш чаралар өтүлүп, ар кандай спорттук оюндар уюштурулат.

Жылдын аягында акыркы коңгуроо аземи өткөрүлүп, окуучулардын жайкы эс алуусу жана коопсуздугу боюнча ата-энелерге маалымат берилет.

Окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары: Кыдырова А.М.